**“Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 4-ноябрындагы № 600 “Кыргыз Республикасынан айыл чарба товарларынын айрым түрлөрүн ташып чыгууга (экспорттоого) убактылуу тыюу салууну киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомунун долбооруна**

# НЕГИЗДЕМЕ-МААЛЫМКАТ

## 1. Максат жана милдет

Өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу жана азык-түлүк товарларына рыноктук бааларды турукташтыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 4-ноябрындагы № 600 “Кыргыз Республикасынан айыл чарба товарларынын айрым түрлөрүн ташып чыгууга (экспорттоого) убактылуу тыюу салууну киргизүү жөнүндө” токтомунун долбоору Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу мамлекеттик кызматынын пиязга болгон баанын көтөрүлгөндүгү жөнүндө расмий ырастоосунан кийин, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин (2023-жылдын 25-январындагы расмий № 15-025/1056 каты) Пакистандагы табигый кырсыктарга байланыштуу Казакстан Республикасы тарабынан убактылуу экспорттук чектөө киргизүү жөнүндө кабарлоого ылайык, Өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу жана пиязга рыноктук бааларды турукташтыруу максатында иштелип чыкты,

Бул токтомдун долбоорунун максаты Евразия экономикалык биримдигине мүчө болбогон мамлекеттерге Кыргыз Республикасынын бажы аймагынан тышкары ташып чыгууга (экспорттого) убактылуу чектөө киргизүү болуп саналат.

## 2. Баяндоочу бөлүгү

Өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу жана азык-түлүк товарларына рыноктук бааларды турукташтыруу максатында, ошондой эле өлкөдө пияздын баасын кымбаттап кетишине байланыштуу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 4-ноябрындагы № 600 “Кыргыз Республикасынан айыл чарба товарларынын айрым түрлөрүн ташып чыгууга (экспорттоого) убактылуу тыюу салууну киргизүү жөнүндө” токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү муктаждыгы келип чыкты, аталган азык социалдык мааниге ээ жана рынокто бул азыктын жетишсиздиги болгон учурда өлкөдө азык-түлүк кризисине алып келиши мүмкүн. Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу мамлекеттик кызматынын пиязга болгон баанын көтөрүлгөндүгү

жөнүндө расмий ырастоосу, ошондой эле Пакистандагы табигый кырсыктарга байланыштуу Казакстан Республикасы тарабынан убактылуу экспорттук чектөө киргизүү жөнүндө кабарлоосу тууралуу Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин 2023-жылдын 25-январындагы № 15-025/1056 расмий катын эске алуу менен иштелип чыкты. Бул чара Өзбекстан Республикасы тарабынан да кабыл алынган. (https://east-fruit.com/novosti /uzbekistan-obyavil-o -vremennom-ogranichenii-na-eksport-luka/ , https://www.gazeta.uz/ru/2023/01/20/onion/).

**3. Мүмкүн болгон социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттер болжолу**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин ушул токтом долбоорун кабыл алуу терс социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттерге алып келбейт.

**4. Коомдук талкуунун жыйынтыктары жөнүндө маалымат**

"Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" мыйзамынын 22 жана 23-беренеларинин талаптарына ылайык, аталган токтомдун долбоору коомдук талкуулоо үчүн Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын долбоорлорун коомдук талкуулоонун koomtalkuu.gov.kg бирдиктүү порталына мамлекетик жана расмий тилдеринде жайгаштырууга 2023-жылдын 27-январында чыг. № ______ жөнөтүлдү.

**5. Долбоордун мыйзамдарга шайкеш келишине талдоо жүргүзүү**

Берилген долбоор колдонуудагы эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптери жана ченемдери, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдерине карама-каршы келбейт.

**6. Каржылоо зарылдыгы жөнүндө маалымат**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин ушул токтом долбоорун кабыл алуу республикалык бюджеттен кошумча финансылык сарптоолорго алып келбейт.

**7. Жөнгө салуучулук таасирин талдоо жөнүндө маалымат**

Берилген долбоор жөнгө салуучулук таасирине талдоо жүргүзүүнү

**Министр** **А.С. Джаныбеков**